**Ысык-Көл облусунун өнүктүрүү фондун башкаруу боюнча дирекциясынын ишмердүүлүгү жөнүндө**

**маалымат**

Кумтөр долбоору Ысык-Көл облусунда жайгашкандыгына байланыштуу, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 1997-жылдын 10-декабрындагы №720, токтомунун негизинде Ысык-Көл облусунун социалдык өнүгүү фонду болуп түзүлгөн. Ал эми, 2009-жылдын 6-июнундагы, Кыргыз Республикасынын атынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен "Центерра Голд Инк." компаниясынын, "Кумтөр Голд Компани" жабык акционердик коомунун ортосундагы кайра каралган инвестициялык макулдашууга ылайык, 2011-жылдын 27-июлундагы №416 токтомунун негизинде Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фонду болуп өзгөртүлгөн. Ошону менен биге, №416 токтом менен бекитилген жобого 3 жолу өзгөртүүлөр жүргүзүлгөн.

1-өзгөртүү: **2012-жылдын 16-мартынадагы №182 токтомун негизинде жүргүзүлгөн өзгөртүүлөр:**

-*«Фонддун негизги максаттары өзгөртүлгөн»;*

*«Фонддун негизги максаты болуп Ысык-Көл облусун өнүктүрүү программаларын региондогу экономиканын артыкчылыктуу тармактарын өнүктүрүү боюнча бюджеттен тышкаркы каржылоо, Фонддун каражаттарын сарамжалдуу пайдалануу жана натыйжалуу башкаруу эсептелет.»;*

-*«Казыналык бөлүмдөн бюджеттен тышкары атайын эсеп ачат» деп өзгөртүлгөн;*

-*«Фонддун акча каражатынын сарпталышы жөнүндөгү пунктуна толуктоолор жүргүзүлгөн»;*

- *Ысык-Көл облусунун аймагында өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана жоюу боюнча иштерге;*

- *Ысык-Көл облусунда мамлекеттик-жеке өнөктүк боюнча долбоорлорду өнүктүрүүгө;*

- *Ысык-Көл облусунда иш жүргүзгөн ишкерлер жана инвесторлор үчүн гарантиялык фонддорду түзүүгө;*

- *инвестор менен капиталга чогуу катышуу жана/же инвесторлор менен биргелешип каржылоо принцибинде облуста жаңы ишканаларды ачууга.;*

2-өзгөртүү: **2013-жылдын 24-январындагы №27 токтомунун негизинде жүргүзүлгөн өзгөртүүлөр:**

-*«Фонддун Байкоочу кеңеши жөнүндө өзгөртүүлөр жүргүзүлгөн»;*

*«Фондду башкарууну Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фондусунун Байкоочу кеңеши (мындан ары - Байкоочу кеңеш) жүргүзөт, анын курамы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн сунушунун негизинде Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин буйругу менен түзүлөт.»*

-*«Фонддун каражаттарын тескөөчүнүн укуктары жана жоопкерчилиги боюнча өзгөртүүлөр жүргүзүлгөн»;*

*"Фонддун каражаттарын тескөөчүнүн укуктары жана жоопкерчилиги Байкоочу кеңеш бекиткен объекттердин тизмегине жана*

*топтомо сметасына так ылайыкта Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнө (мындан ары - Фонддун каражаттарын тескөөчү) берилет."*

-*«Фонддун акча каражатынын 50 пайызы «Эскроу эсепке» бөлүнөрү белгиленген»;*

3-өзгөртүү: **2019-жылдын 12-февралындагы №49 токтом негизинде жүргүзүлгөн өзгөртүүлөр:**

-*«Фонддун негизги максаттарына толуктоолор жүргүзүлүп «киреше берүүчү бизнес-долбоорлорду түзүү» деген пункт кошулган;*

***Акча каражаттардын сарпталышы боюнча пунктуна төмөнкүдөй толуктоолор киргизилген»;***

-*«*бюджетти жаратуучу, облустун социалдык-экономикалык өнүктүрүүсүнө өбөлгө түзүүчү, Байкоочу кеңеште жактырылган бизнес-долбоорлорго***»;***

-*«*"Кумтөр Голд Компани" ЖАК пайдаланган жайыт жерлердин жоготуулары үчүн зыяндын ордун толтуруучу; компенсацияларды төлөөгө***»;*** ***(Фонддун акча каражатынын эсебинен төлөнүүдө)***

Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фондунун негизги максаты болуп “Ысык-Көл облусунун аймагын социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана киреше берүүчү бизнес-долбоорлорду түзүү үчүн ыңгайлуу шарттарды жаратуу багытында шаарлардын жана айылдык аймактардын жергиликтүү жамааттарынын артыкчылыктуу демилгелерин каржылоо/кошо каржылоо” деп эсептелет. Ал эми, фонддун акча каражаты, Кумтөр ишканасы тарабынан которулган акча каражатынан түзүлөт.

Ушуга байланыштуу, 1997-жылдан 2009-жылга чейин “Кумтөр Голд Компани” ишканасы фондко тапкан пайдасынан 2% өлчөмдө акча каражатын фондко чегерилип келген.

Ал эми, 2009-жылы “Кумтөр долбоору боюнча жаңы макулдашуулар” түзүлүп, ушул макулдашуунун негизинде Ысык-Көл өнүктүрүү фондуна “Кумтөр Голд Компани” ишканасынын дүң кирешесинин 1% өлчөмдө акча каражаты которулуп келүүдө.

Жогорудагы жаңы макулдашылардын негизинде “Кумтор Голд Компани” ишканасы тарабынан аталган фондко чегерүүлөрдүн көлөмү көбөйгөн.

1997-жылдан 2020-жылдар аралыгында “Кумтөр Голд Компани” ишканасы тарабынан аталган фондго чегерүүлөр 5 млрд. 230 млн сомдон ашык сумманы түзүп, бүгүнкү күндө облустун социалдык муктаждыктарын аткарып келет. Мунун ичинене 1997-2008-жылдары 101 млн. 824,8 миң сом, ал эми 2009-2020-жылдары 5 млр. 128 млн 308 миң сом түшкөн.

Жылдар боюнча акча каржатынын келип түшүшү төмөндөгүдөй;

| № | Жылдар | Сумма (миң.сом) |
|---|---|---|
| **1** | 1998 | 6592,0 |
| **2** | 1999 | 692,0 |
| **3** | 2000 | 0,0 |

| | | |
|---|---|---|
| **4** | 2001 | 3945,0 |
| **5** | 2002 | 26181,0 |
| **6** | 2003 | 5044,4 |
| **7** | 2004 | 7199,0 |
| **8** | 2005 | 34376,4 |
| **9** | 2006 | 17795,0 |
| **10** | 2007 | 0,0 |
| **11** | 2008 | 0,0 |
| **12** | 2009 | 148460,3 |
| **13** | 2010 | 316631,9 |
| **14** | 2011 | 463043,0 |
| **15** | 2012 | 218342,4 |
| **16** | 2013 | 379791,8 |
| **17** | 2014 | 396011,8 |
| **18** | 2015 | 453744,2 |
| **19** | 2016 | 430401,0 |
| **20** | 2017 | 443000,0 |
| **21** | 2018 | 504847,6 |
| **22** | 2019 | 592469,1 |
| **23** | 2020 | 781 565,5 |

“Кумтөр Голд Компани” ишканасынан акча каражатынын түшүшүнө жараша болжолдуу сумма пландалат. Болжолдуу сумманы бөлүштүрүүгө райондордун жана шаарлардын сунуштарына ылайык Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фондунун Байкоочу кеңештин отурумуна алып чыгарылат.

Ошондой эле, аткарылган иштердин натыйжасында, 2010-жылдан бери жалпысынан 82 социалдык объектттердин жана 21,7 км жол курулуштары толугу менен аяктап пайдаланууга берилген.

| № | Объектинин аталышы | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | Баар-ы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **1** | Мектеп | 13 | 5 | 3 | | 8 | 4 | 1 | 1 | | | 1 | **36** |
| **2** | Спортзал | | 4 | | 2 | 1 | 6 | | 5 | 3 | 5 | 1 | **27** |
| **3** | ФАП | | | 1 | 3 | | | | | 1 | | 1 | **6** |
| **4** | Оорукана | | 1 | | | | | | | | | | **1** |
| **5** | Маданият үйү | | 1 | | | | | | **1** | | | 1 | **3** |
| **6** | Музей | | | | 1 | | | | | | | | **1** |
| **7** | Бала бакча | | | | | 1 | 1 | | 1 | 2 | 2 | | **7** |
| **8** | ИВС жана РОВД | | | | | 1 | | | | | 1 | | **2** |

| 9 | Жолдор | | | | | | 11 км. | 1,2 км | 4 км. | | 1,4 км | 0,8 км | **21,7 км.** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | **Баардыгы** | **13** | **11** | **4** | **6** | **11** | **10** | | **10** | **8** | **8** | | **82** |

2009-2020-жылдар аралыгында тармактарга бөлүнүшү төмөндөгүдөй. (млн.сом):

| | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | Баар-ы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Билим берүү** | 117,8 | 170,4 | 95,9 | 131,7 | 166,4 | 134,6 | 91,9 | 122,6 | 90,2 | 82,7 | 95,2 | **1299,4** |
| **Саламаттыкты сактоо** | 21,9 | 52,1 | 50,1 | 26,5 | 27,8 | 48,3 | 21,8 | 15,3 | 31,9 | 29,8 | 92,8 | **418,3** |
| **Маданият** | 12,9 | 11,3 | 12,7 | 18,4 | 12,8 | 17,7 | 15,8 | 8,8 | 17,2 | 22,8 | 15,2 | **165,6** |
| **Спорт тармагы** | 9,8 | 31,9 | 57,9 | 41,5 | 50,4 | 88,6 | 92,7 | 74,7 | 46,7 | 58,9 | 45,7 | **598,8** |
| **Жол жана суу менен камсыздандыруу** | 192,3 | 162,7 | 91,3 | 98,4 | 128,3 | 147,9 | 110,1 | 73,5 | 43 | 123,4 | 122,5 | **1293,4** |
| **Өздүк салым** | | | | 5,6 | 18 | 30,1 | 35,2 | 43,4 | 58,3 | 46,9 | 50,7 | **288,2** |
| **Киреше алып келүүчү долбоорлорго** | | | | 22,1 | 8,6 | 27,8 | 1,6 | | | 23,7 | 95,9 | **179,7** |
| **Жана башкалар** | | | | | | | | 102,2 | 122,9 | 80,4 | 72,3 | **479,6** |
| **Баардыгы** | **354,7** | **428,4** | **307,9** | **344,2** | **412,3** | **495,0** | **369,1** | **440,5** | **410,2** | **468,6** | **590,3** | **4 723,0** |

**Жалпысынан райондорго бөлүнүшү (млн.сом)**

| | 2010 | 2011 | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 | 2019 | 2020 | Баардыгы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Тоң | 56,1 | 47,1 | 57,3 | 49,1 | 52,5 | 76,6 | 53,3 | 68,6 | 37,5 | 66,9 | 85,3 | **650,3** |
| Жети-Өгүз | 55,9 | 92,6 | 77 | 78,6 | 105 | 103,9 | 88,1 | 92,8 | 88,4 | 99,0 | 131,6 | **1 012,9** |
| Балыкчы ш. | 25,3 | 40,4 | 35,9 | 22,2 | 41,3 | 45,6 | 27 | 30 | 54,2 | 29,6 | 24,0 | **375,5** |
| Ак-Суу | 41,3 | 38,5 | 22,1 | 38,6 | 40,4 | 50,2 | 39,8 | 48,6 | 46,4 | 48,5 | 59,9 | **474,3** |
| Түп | 54,8 | 39,8 | 19,9 | 36 | 34,1 | 45,4 | 36,8 | 32,9 | 43,6 | 47,5 | 58,4 | **449,2** |
| Ысык-Кол | 34,5 | 53,5 | 24,5 | 38,8 | 40,9 | 57,6 | 53,3 | 67,6 | 46,7 | 48,2 | 55,7 | **521,3** |
| Каракол ш. | 22,1 | 31,9 | 21 | 28,7 | 33,8 | 47,5 | 23,7 | 63,2 | 32,3 | 81,8 | 79,4 | **465,4** |
| Областык мекемелер | 64,6 | 84,6 | 50,2 | 52,2 | 64,3 | 68,2 | 47,2 | 36,8 | 61,1 | 47,0 | 96,0 | **672,2** |
| 1997-жылдан 2008-жылга чейин каржыланган акча каражат | | | | | | | | | | | | **101,8** |
| **Баардыгы** | **354,6** | **428,4** | **307,9** | **344,2** | **412,3** | **495,0** | **369,2** | **440,5** | **410,2** | **468,6** | **590,3** | **4 723,0** |

2011-жылдын 27-июлундагы №416 токтому менен бекитилген "Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фондунун" жобосуна 2019-жылы өзгөртүү жүргүзүлүп, аймактын экономикалык абалын жакшыртуу жана жеке ишкерлерди колдоо максатында "Киреше алып келүүчү долбоорлорго" деп өзгөртүлөр жүргүзүлгөн. Бул өзгөртүүнүн негизинде, жалпы Ысык-Көл облусун өнүктүрүү фондунун акча каражатынын 20 пайыз каражатын бөлө баштаган.

Ошондон улам, 2019-жылы 9-долбоор Байкоочу кеңеш тарабынан колдоого алынып, 22 млн.710,0 миң сом каржыланып берилген, ал эми 2020-жылы 38 долбоор колдоого алынып 95 млн.456,0 миң сом бөлүнүп берилген.

Колдоого алынган долбоорлордун негизинде 2019-жылы 136 иш орду, 2020-жылы 487 иш орду түзүлгөн.

Ошону менен бирге, бүгүнкү күнгө карата 2 млн.044,6 миң сом кайра кайтарылып берилди.

**2021-жылга** карата Ысык-Көлдү өнүктүрүү фондусунун Байкоочу кеңеши тарабынан бекитилген план 997,2 млн. сомду түзөт. Бул акча каражатынын ичинде 2020-жылдын планынан калдык 409,7 млн.сом акча каражаты кирет.

Ошондой эле, 2021-жылга карата, Кумтор Голд Компани ишканасы тарабынан болжолду сумма 7 млн.583,7 миң АКШ доллары, же болбосо 640,8 млн. сом болоорун билдиришкен.

2021-жылга карата бекитилген пландын райондорго бөлүнүшү төмөндөгүдөй;

| | Район жана шаарлардын аталыштары | Элдин саны | % | ПЛАН |
|---|---|---|---|---|
| | Жети-Өгүз | 92810 | 47,3 | 168 958,5 |
| | Тоң | 53242 | 27,1 | 111 500,0 |
| | Балыкчы | 50146 | 25,6 | 128 859,5 |
| | **Эскроу эсеп баардыгы** | **196198** | **100,0** | **409 318,0** |
| | Ак-Суу | 69861 | 23,3 | 78 462,0 |
| | Ысык-Көл | 84033 | 28,0 | 91 491,0 |
| | Түп | 65000 | 21,7 | 80 152,8 |
| | Каракол | 80958 | 27,0 | 90 752,0 |
| | **Атайын эсеп баардыгы** | **299852** | **100,0** | **340 857,8** |
| | Облустук мекемелер | | | 247 000,0 |
| | **Всего** | **496050** | | **997 175,8** |

Жогоруда аталган 2021-жылдын планында бекитилген акча каражаты төмөндөгү тармактарга бөлүндү;

-**Билим берүү тармагына** 140 829,9 миң.сом,

-**Саламаттыкты сактоо тармагына** 68 422,6 миң.сом,

-**Маданият тармагына** 41 410,1 миң.сом

-**Спорт тармагына** 73 730,7 миң.сом,

- **Жол, суу жана инфраструктурага** 352 962,5 миң.сом,

-**Башка тармактарга** *(мамлекеттик жана муниципалдык органдардын материалдык техникалык базасын чыңдоого, административдик имараттарын оңдоого жана башкалар)* 99 233,6 миң.сом,

-**Ар кандай долбоорлордун өздүк салымдарына** 60 977,2 миң.сом,

-**Киреше алып келүүчү долбоорлорго** 145 721,0 миң.сом

Мындан тышкары 2021-жылга карата төмөндөгү 11 объектинин курулушун аяктап колдоонууга берилиши пландалууда.

1. ***Жети-Өгүз району боюнча:***
- Дархан айылындагы үй-бүлолүк дарыгерлер тобунун имараты
- Боз-Бешик айылындагы балдар бакчысы
- Светлая Поляна айылындагы балдар бакчасы
- Ак-Дөбө айылындагы мектеп
- Липенка айылынадыгы мектептин кошумча корпусу

2. ***Тоң району боюнча;***
- Төрт-Күл айылындагы маданият үйү
- Дөң-Талаа айылындагы спортзал

3. ***Түп району боюнча;***
- Талды-Суу айылындагы спортзал
- Арал айылындагы спортзал

4. ***Ак-Суу району боюнча;***
- Жаңы-Арык айылындагы мектеп

5. ***Ысык-Көл району боюнча;***
- Тамчы айылындагы спортзал